**Жаш окумуштуулардын жана жаңычылдардын арасында конкурс өткөрүүнүн тартиби жөнүндө**
**ЖОБО**

## 1. Жалпы жоболор

1. Жаш окумуштуулардын жана жаңычылдардын арасында конкурс өткөрүүнүн тартиби жөнүндө ушул жобо “Илим жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, “Инновациялык иш жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык иштелип чыккан жана конкурсту уюштуруунун жана өткөрүүнүн тартибин аныктайт.

2. Конкурс Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги (мындан ары – Министрлик) тарабынан жаңы билимдерди, технологияларды жана чечимдерди түзүүгө багытталган илимий, изилдөөчүлүк жана инновациялык ишке шыктандыруу максатында өткөрүлөт.

3. Конкурстун максаттары:

- келечектүү илимий изилдөөлөрдү жана инновациялык долбоорлорду аныктоо жана колдоо;
- илимий изилдөөлөрдүн натыйджаларына негизденген стартаптарды өнүктүрүүгө көмөктөшүү;
- туруктуу өнүктүрүү жана “жашыл” технологиялар чөйрөсүнө чечимдерди ишке киргизүүгө шыктандыруу;
- Кыргыз Республикасынын илиминин эл аралык беделин жогорулатуу;
- жаш окумуштуулардын кадрдык дараметин өнүктүрүү.

4. Конкурс жылыга өткөрүлөт жана Кыргыз Республикасынын илим күнүнө арналат.

## 2. Конкурсту өткөрүүнүн тартиби

5. Конкурс ачыктык, теңдик, объективдүүлүк жана натыйжалуулук принциптеринин негизинде өткөрүлөт.

6. Конкурска жеке изилдөөчүлөр, илимий жамааттар, студенттер, аспиранттар, жаш окумуштуулар, стартап-командалар жана инновациялык иштин башка субъектилери катышат алат.

7. Арыздар белгиленген мөөнөттөрдө Министрликтин расмий сайты же Конкурсту өткөрүү жөнүндө жарыяда белгиленген башка ыкма менен берилет. Конкурска арых 1, 3, 5, 7-тиркемелерине ылайык тиешелүү документтерди тиркөө менен doc/docx форматтарында берилет.

8. Арызга тиешелүү номинация үчүн каралган документтер тиркелет.

9. Арыздарды кароо жана жеңүүчүлөрдү аныктоо Министрлик тарабынан түзүлгөн конкурстук комиссия тарабынан жүргүзүлөт.

10. Конкурстун жеңүүчүлөрү дипломдор, баалуу белектер жана колдоонун башка түрлөрү, анын ичинде консультациялык-ментордук коштоо менен сыйланат.

## 3. Номинациялар

Конкурс төмөнкү номинациялар боюнча өткөрүлөт:

11. “Илимий изилдөөлөрдүн негизиндеги мыкты стартап” – илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларынын базасында коммерциялаштырууга жана кеңейтүүгө мүмкүнчүлүгү бар инновациялык продукт же кызмат көрсөтүүнү иштеп чыккан командалар жана жеке катышуучулар үчүн.

Бул номинацияга катышуу үчүн конкурсант төмөнкүлөрдү бериши керек:

- илимий изилдөөлөрдүн же иштелмелердин негизинде түзүлгөн стартаптын сыпаттамасы;
- прототиптин (MVP) же пилоттук ишке киргизүүнүн болушу жөнүндө маалыматтар;
- долбоордун бизнес-модели жана өнүктүрүү планы (roadmap);
- интеллектуалдык менчикти коргоону тастыктоочу документтер (патенттер, өтүнмөлөр), бар болсо;
- тартылган гранттар, инвестициялар же башка колдоо жөнүндө маалымат;
- команданын курамы жана ролдорду бөлүштүрүү жөнүндө маалымат;
- долбоордун бет ачары (pitch-deck).

12. “Туруктуу өнүктүрүү жана “жашыл” технологиялар чөйрөсүндөгү мыкты чечим” – экологиялык көйгөйлөрдү чечүүгө, энергиянын натыйжалуулугун жогорулатууга, энергиянын жаңыланма булактарын ишке киргизүүгө багытталган долбоорлор жана туруктуу өнүктүрүүнүн алкагында башка демилгелер үчүн.

Бул номинацияга катышуу үчүн конкурсант төмөнкүлөрдү бериши керек:

- туруктуу өнүктүрүүгө же экологияга багытталган инновациялык чечимдин сыпаттамасы;
- иштелменин илимий-техникалык жаңылыгы жөнүндө маалымат;
- ишке киргизүүнүн же пилоттук сыноонун натыйжалары (бар болсо);
- долбоорду ишке ашыруудан алынган социалдык жана экологиялык таасирдин сыпаттамасы;
- кеңейтүү мүмкүнчүлүктөрү жана колдонуунун келечеги жөнүндө маалымат;
- интеллектуалдык менчикти коргоо тууралуу документтер (патенттер, өтүнмөлөр), бар болсо;
- өнөктөштөр, гранттык же башка колдоо жөнүндө маалымат.

13. “Жылдын мыкты илимий макаласы” – эл аралык маалыматтар базаларында (Scopus, Web of Science ж.б.) индекстелүүчү, жогорку илимий салымы жана практикалык колдонуу мүмкүнчүлүгү бар илимий жарыялоолордун авторлору үчүн.

Бул номинацияга катышуу үчүн төмөнкүлөрдү берилиши керек:

- отчеттук жылы эл аралык маалыматтар базаларында (Scopus, Web of Science ж.б.) индекстелүүчү, рецензиялануучу илимий журналга жарыяланган илимий макала;
- журналдын импакт-фактору жөнүндө маалымат;
- авторлук жөнүндө маалымат (авторлордун саны, алардын салымы);
- макаланын цитаталанышы, автордун Хирш индекси жөнүндө маалыматтар;
- зарыл учурда – макаланын көчүрмөсү жана журналдан маалымкат.

14. “Жылдын мыкты жаш окумуштуусу” –илим жана инновациялар жаатында, анын ичинде гранттарга, иштелмелерге жана жарыялоолорго катышууда көрүнүктүү жетишкендиктерди көрсөткөн, 35 жашка чейинки изилдөөчүлөр үчүн.

Бул номинацияга катышуу үчүн конкурсант төмөнкүлөрдү бериши керек:

- илимий жарыялоолор (анын ичинде Scopus жана Web of Science индекстелгендер) жөнүндө маалыматтар
- илимий жана инновациялык долбоорлорго, гранттарга катышууссу тууралуу маалымат;
- интеллектуалдык менчик объектилерине патенттер жана катталган өтүнмөлөр жөнүндө маалыматтар (бар болсо);
- стартаптарга жана жайылтылуучу долбоорлорго катышуусунун сыпаттамасы;
- эл аралык таануу жөнүндө маалыматтар (такшалмалар, конференциялар, сыйлыктар);
- социалдык жана билим берүү активдүүлүгү жөнүндө маалымат (лектордук ишмердүүлүгү, насаатчылык, илимди кеңири таанытуу).

## 4. Конкурстук комиссия

15. Конкурсту өткөрүү үчүн саны 5 адамдан турган конкурстук комиссия түзүлөт.

16. Комиссиянын курамына Министрликтин өкүлдөрү, алдыңкы окумуштуулар, инновациялар жаатындагы эксперттер, акселераторлор жана эл аралык өнөктөштөр кирет.

17. Комиссиянын катчысынын добуш берүү укугу жок.

18. Комиссиянын чечимдери жана конкурстун жыйынтыктары протокол менен таризделет жана ага комиссиянын төрагасы менен катчысынын кол тамгалары коюлат.

## 5. Апелляция

19. Катышуучулар комиссиянын чечимине макул эмес болгон учурда конкурстун жыйынтыктары Министрликтин расмий сайтына жарыяланган күндөн тартын 3 (үч) жумушчу күндүн ичинде  апелляция берүүгө укуктуу.

20. Апелляция келип түшкөн учурда Министрлик комиссиянын 70%дан кем эмес жаңыртылган курамын түзөт жана 5 (беш) жумушчу күндүн ичинде өтүнмөнү кайра карап чыгууну жүргүзөт.

21. Жаңыртылган комиссиянын чечими акыркы болуп саналат.

## 6. Корутунду жоболор

22. Жеңүүчүлөрдүн тизмеси Министрликтин расмий сайтына жаыряланат.

23. Сыйлоо Илим жана инновациялар күнүнө арналган салтанаттуу аземде жүргүзүлөт.

24.Конкурстун жеңүүчүлөрү жана сыйлык ээлери төмөнкүлөрдү алышат:

- дипломдор жана баалуу сыйлыктар;
- ментордук колдоо жана акселерациялык программаларда коштоо;
- патенттөөгө жана долбоорлорду коммерциялаштырууга көмөктөшүү;
- долбоорлорду эл аралык инвесторлорго жана өнөктөштөргө көрсөтүү мүмкүнчүлүгү.

25. Каржылоо булагы болуп Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги үчүн республикалык бюджетте каралган каражаттар саналат.